| 7 | Джунушова Динар | Башт.клас | WhatsApp, EduPage, Inshot | Мультиурок | 17 |
| 8 | Эркимбек к. Аида | Башт.кл | WhatsApp, EduPage Telegram | Мультиурок | 6 |
| 9 | Алышерова Нургүл | Биология | WhatsApp, EduPage Telegram | Мультиурок | 4 |
| 10 | Ибраева Айсалкын | Башт.класс | WhatsApp, EduPage FreeCam | Мультиурок | 3 |
| 11 | Токтосунова Алтынай | Физика | WhatsApp, EduPage, Bandicam , Classroom | Мультиурок Learnis | 5 |
| 12 | Сарыбаева Жекшенбүбү | Математика | WhatsApp, EduPage Telegram | Мультиурок | 2 |
| 13 | Шыгаева Рахат | Математика | WhatsApp, EduPage Telegram | Мультиурок | 3 |
| 14 | Чойбекова С | Кырг.тил | WhatsApp, EduPage Telegram | Мультиурок | 2 |
| 15 | Аалиева Д.З | Башт. кл | WhatsApp, EduPage Telegram | Мультиурок | 2 |
| 16 | Аалиева Д.А | Башт.кл | WhatsApp, EduPage Telegram | Мультиурок | 2 |
| 17 | Абдысаева Ы | Англис тили | WhatsApp, EduPage Telegram | Мультиурок | 1 |

Бирок коллектив арасында компьютерде иштей албаган, медиа каражаттарды колдонууга кызыкдар болбогон кесиптештерибиз да бар. Алардын көбү улуу муундагы адамдар жана дене тарбия сабагынан берген агайлар.

Окуу жылы ичинде дээрлик бардык предметтер боюнча көрсөтмө куралдар, буклеттер сатылып алынып, сабактарга колдонулду. Ар бир бирикменин декадасында “Ачык эшиктер күнү” уюштурулуп, ачык сабактарга башка бирикменин мугалимдери дагы катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

5 мугалим Каракол шаарына барып, кезектеги билимин көтөрүү боюнча атайын курстардан өтүп келишти. Алар: Орус тил, адабияты мугалимдери Дүйшөнбиева Мээрим, Шаршембиева Чынара, ОТИ боюнча директордун орун басары Кабаева Токтокүл, мектеп директору Атантаев Жетимиш. Ал эми мектептин биология мугалими Алышерова Нургүл дистанттык формада КАОнун билим жогорулатуу курсунан өттү. Ал эми 2020-жылдын август айында мугалимдердин 50%ы “Кыргызстандын мектептеринде ИКТны колдонуу” деген темада онлайн курстан өтүп, модульду ийгиликтүү тапшырышты. Атайын Жумушчу дептери толтурулуп, тиешелүү электрондук дарекке жиберилди.

Мектеп боюнча 93 ачык көрсөтмөлүү сабактар өз убагында өтүлдү. Орус тили, кыргыз тили, информатика, математика, башталгыч класстардын айрым предметтери боюнча ачык сабактар компьютерди колдонуу менен слайддар түзүлүп, презентациялар уюштурулуп өтүлдү. 2016-жылдын октябрь айында демөөрчүлөр тарабынан мектепке 2 интерактивдүү доска жана портативный сканер алып келинип, сабактарды заманбап техниканын жардамы менен сабактарды өтүү мүмкүнчүлүгү пайда болду. Пландаштырылган бардык ачык сабактар өз учурунда өтүлдү. Бир гана Чойбеков Кубаттын дене тарбиядан пландагы ачык сабагы ооруканага жатып калгандыгына байланыштуу кечигип өтүлдү.

2021/2022-окуу жылынын октябрь айында мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары жаш мугалимдерге окутуунун интерактивдүү ыкмалары жөнүндө кеңири түшүнүк берип, практикада колдонуу боюнча усулдук жардам көрсөттү. Андан тышкары окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары ар бир усулдук бирикмеде “Сабак жана ага анализ берүү боюнча усулдук сунуштар” деген темада семинарлар өттү.

Мурдагы окуу жылдарынан айырмаланып 2021-2022-окуу жылында пландаштырылган ар бир педагогикалык кеңешмеде ар бир бирикме кезек менен ар түрдүү темадагы тегерек столдорду өтүшүп, кофе-брейк уюштурушуп, педкеңешмелерди өтүүнүн жаңы формасы мугалимдер тарабынан жактырылып, быйылкы окуу жылында да ушул традицияны сактап калуу сунуштары түштү.

Чейрек сайын администрация тарабынан негизги предметтер боюнча тесттер алынып турду.

**Октябрь айындагы тесттин жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.**

| К№ | Ким тест алат? | Классы | Предмети | Мугалими | Билим сапат % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кабаева Т *завуч* | 11-а,б | Орус тили, адабияты | Абыкеева Ж | **21,4% -7%** | **56% -12,5%** |
| | | 10-кл | Орус тили, адабияты | Шаршембиева | **37,5% -12,5%** | **40% - 20%** |
| | | 8-кл | Орус тили | Шаршембиева | **31%** | **-13%** |
| 2 | Атантаев Ж *Мек. директору* | 9-б | Кыргыз адаб | Чойбекова С | **25%** | **-19%** |
| | | 9-а | Кыргыз адаб | Чойбекова С | **21%** | **-7%** |
| | | 8-кл | Кыргыз адаб | Чойбекова С | **50%** | **- 0%** |
| 3 | Алышерова Н *Организатор* | 7-а кл | Русс. язык | Кабаева Т | **47%** | **- 10%** |
| | | 7-б кл | Русс. язык | Кабаева Т | **53%** | **- 6%** |
| | | 4- кл | Русс. язык | Кабаева Т | **42%** | **- 11%** |
| 4 | Исакбекова Г | 6-б класс | Чет тили | Стамова К | **44%** | **- 13%** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Соцпедагог* | 6-а класс | Чет тили | Стамова К | **27%** | **- 24%** |
| | | 7-а класс | Чет тили | Абдыисаева Ы | **26%** | **- 21%** |
| 5 | Шаршембиева Ч *Гуманитардык МБ башчысы* | 5-а | К. тили | Берикбаева А | **68%** | **-28%** |
| | | 5-б | К. тили | Жалилова Б | **82%** | **- 9%** |
| | | 10-кл | К.адабияты | Жалилова Б | **33%** | **- 18%** |

**Декабрь айындагы мектеп администрациясы тарабынан окуучулардын билимдерин текшерүү**

| **К №** | **Ким тест алат?** | **Классы** | **Предмети** | **Текшерүү формасы** | **Мугалими** | **Б.сапат %** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | **тест** | **айырма** |
| 1 | Алышерова Н *организатор* | 7-а | Физика | Тест | Токтосунова А | 50% | +19% |
| | | 7-б | Физика | Тест | Токтосунова А | 46% | -16% |
| | | 9-б | Физика | Текш иш | Токтосунова А | 50% | +12% |
| | | 9-а | Физика | Текш. иш | Токтосунова А | 45% | -6% |
| | | 8 | Физика | Текш.иш | Токтосунова А | 43% | -5% |
| 2 | Атантаев Ж *Директор* | 11-а | Физика | Текш. иш | Токтосунова А | 29% | - |
| | | 11-б | Физика | Текш. иш | Токтосунова А | 40% | -8% |
| 3 | Кабаева Т *Завуч* | 8 | Алгебра | Текш. иш | Шыгаева Р | 39% | -6% |
| | | 9-б | Алгебра | Текш. иш | Шыгаева Р | 35% | -3% |
| | | 9-а | Алгебра | Текш. иш | Шыгаева Р | 35% | -9% |
| 4 | Шыгаева Рахат *Так илимдер МБ башчысы* | 5-а | Математ | Текш.иш | Усупова Г | 45% | -12% |
| | | 5-б | Математ | Текш. иш | Усупова Г | 50% | -15% |
| | | 6-б | Математ | Текш. иш | Усупова Г | 38% | -5% |
| 7 | Атантаев Ж Насаатчы мугалим | 9-а | Информ | Тест | Исакун у. Ы | 30% | - |
| | | 9-б | Информ | Тест | Исакун у. Ы | 43% | -6% |
| | | 8 | Информ | Тест | Исакун у. Ы | 34% | -6% |
| | | 7-а | Информ | Тест | Исакун у. Ы | 38% | -7% |
| | | 7-б | Информ | Тест | Исакун у. Ы | 43% | -13% |

Чейрек менен административдик тесттин ортосунда чоң айырмачылык болгон класстар: География 8-класс, тарых 9-а класс, орус тили 10-класс. Бул класстардын предметтик мугалимдерин кайрадан кийинки директор алдындагы кеңешмеде карап, жыйынтык чыгарылды.

Усулдук бирикмелердин окуу жыл ичинде аткарган иштеринин отчету менен төмөндөгү мугалимдердин иш тажрыйбасы мектеп ичинде жайылтылсын деген чечим кабыл алынды:

- Табият таануу бирикмесинен – Исакбекова Гүлшаттын
- Башталгыч класстар бирикмесинен – Джунушева Динардын;
- Гуманитардык бирикмесинин - Дүйшөмбиева Мээримдин;
- Так илимдер бирикмесинен – Шыгаева Рахаттын

**Мектептеги климат же ички тартип эрежелеринин сакталышы**

Мектептин педагогикалык, окуучулар жана ата-энелер жамааттарга мектептин этикалык кодексин сакташып бири бирин сыйлоо, көйгөйлөрдү конструктивдүү чечүү мектепте убагында жүргүзүлөт.

2021-2022-окуу жылындагы жүргүзүлгөн тарбиялык иштерине анализ.
Мектепте тарбия иштери боюнча 2021-2022 окуу жылына карата

М Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин өсүп келе жаткан жаш муундарды 2021-2030-жылдагы Кыргыз Республикасында инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу боюнча концепциясын иш жүзүнө ашыруунун негизинде түзүлгөн пландын жана БУУнун балдардын укуктары жөнүндө Конвенциясына жана Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык тарбия берүү системасынын негизинде жана областтык БӨУ тарабынан көрсөтүлгөн план менен түзүлүп, иш алып барылууда Жаңы окуу жылынын башында 1-11-класстарга тарбиялык иштерди жүргүзүү үчүн 20 класс жетекчи дайындалды алардын ичинде эки жаш класс жетекчилер Исакун уулу Ызатбек 6- б Уметова Алтынай 5-а класстын класс жетекчилери болуп, алар менен эки секция жетекчилер Жунушова Д, Эркимбек кызы Аида болуп иштер жүргүзүлдү жана алар ата-энелер менен 3 тараптуу келишимдерди түзүп алышып иш жүргүзүлүүдө . Былтыркы окуу жылынан баштап буга чейин иштеп келген 10 багытты ОБББ көрсөтмөсүнө ылайык өзгөртүүлөр болду. Атай кетсем Адеп-ахлактык тарбия жана адептик сезимдерге тарбиялоо, Атуулдукка, адамдын укуктары менен эркиндигин, милдеттерин сыйлоого тарбиялоо, Мекенчилдикке тарбиялоо, Жаратылышка, курчап турган чөйрөгө гумандуу мамилесин калыптандыруу, Көп маданияттуулукка тарбиялоо, Кооздук , асылдыктарды баалоого тарбиялоо (Эстетикалык), Эмгектенүү коомдук жана инсандык баалуулук катары мамилесин калыптандыруу, Ден соолукка жана сергек жашоо образына башкы баалуулук катары мамиле кылууга тарбиялоо, Үй бүлөлүк тарбия, Жети аке тарбиясы.
Ар бир класска тарбиялык журналдар уюштурулду. Класстарда бирдей типтеги класстык бурчтар жана « Ден соолук» бурчтары илинип коюлган. Бул бурчта «Коронавирустан сактануу эрежелери жана алдын алуу иштери боюнча толук маалыматтар илинип турду. «Эхинококкоз», туберкулез, бруцеллез оорулары , «Сарыктан сактаналы» жана Бүткүл дүйнөлүк [i] СПИДке каршы күн боюнча брошюралар илинип турду.
Класстык сааттар Сан гигиена, « Жолдо жүрүү эрежелери», « Үй бүлөө тарбиясы» боюнча пландар иштелип чыгып бекитилди.
Тил күнүнө карата үч айлык жарыяланды пландар түзүлдү диспут КВН, көркөм айтуу сынактары жана ар бир класс жетекчи өз класстары менен ачык сабактарды , улуттук тилдин маанисин арттыруу максатында каада салттар, үрп адаттарды камтыган тарбиялык иштер өтулдү. Берикбаева А көркөм айтуу сынагына 6-10 класстын окуучулары менен барып келди . Октябрь айы «Озүн-өзү башкаруу» айлыгында БӨУ сынактарды пландаштырылган , ал боюнча иштер жүргүзүлдү Атай кетсем «Карылар күнүнө карата жакындан жардам берүү, Түшүм майрамы, Мыкты окуучу,мыкты класс, жашыл класс ж.б конкурстар болду. Республикадан келген Экологиялык конкурстарга биздин окуучулар да сыртан катышууда «Жаратылыш жана мен деген сынакка айрым окуучулардын дил баяндарын жибергенбиз, «Экология менин көз алдымда» деген темада 7-а классынын окуучусу Расулова Нагима Жалпы Республикалык олимпиададан 1-турунан өтүп андан тышкары Бүткүл дүйнөлүк почта уюмунун демилгеси менен уюштурулган «Климаттын өзгөрүшүнө эмне үчүн жана кандай реакция кылуу керек « аттуу дил баян жазып ардак грамота жана акчалай сыйлык алды. жетекчиси Жалилова Б. Былтыркы окуу жылында баарыбызга белгилүү «Зордук зомбулукту алдын алуу боюнча алгылыктуу иштер өтүлгөн. 2021-2022- окуу жылында атын жакшы жакка өзгөртүү менен « Бактылуу балалык» кербени аталыштагы иш чаралар болуп өттү, айта кетсем , башталгыч класстын мугалимдери сүрөт конкурстарын уюштурушту. «Ачуунду жене бил» аттуу ачык тарбилык саатты «Стрессиз жашоо» деген темада Исакбекова Г, жогорку денгээлде ачык тарбиялык сааттарын өтүштү , Китепканачы Султанова Н ар бир даталуу күндөргө окуучулар менен ар кандай адабий кечелерди, конкурстарды, өттү. Жаш мугалимдер Жунусова А, Эркимбек кызы Айзат ата-энелерди мектеп менен байланыштыруу жана 8-а классты тартибин жакшы жакка буруу максатында энелер менен бирдикте конкурс өтүштү Дене тарбия мугалимдери «Ким шамдагай» аттуу эстафеталык оюндарды өтүштү.

Манас, адабият күнүнө, Ч Айтматов күнүнө карата ачык тарбиялык сааттар өтүлдү. Энелер мектебин жандандыруу максатында чогулуштун пландары түзүлдү, анын жүрүшүн энелер менен тыгыз иштөө Солтобаева Назгүлгө милдеттендирилди.
Жыл ичине 32 ачык тарб саат пландаштырылган . Жогоруда айтылды Исакбекова Г, Абдисаева Р, Сыдыкова М, Жалилова Б өтүшкөн ачык сааттары чыгармачылык, изденүүчүлүк менен эн жогорку денгээлде өтүлдү.
Көпчүлүк эжейлер деле сабактарын «жакшы», «Эн жакшы» деген бааларда өтүштү Жаш класс жетекчи Исакун уулуна берилген «Айылымдын көрүнүктүү инсандары» аттуу темадагы ачык тарб саатты убагында өтө алган жок анын ордуна «Жаш техниктер» боюнча сурангам ошол боюнча окуучулар менен өтүп берди. Акатов Улук агай да пландаштырылган эки сабактын бирөөсүн эле өтүп берди кечигүү менен. Өмүрзаков Кубаныч агай да такыр тарбиялык саатын өткөн жок, Ачык тарбиялык сааттарга катышууда да да айрым эжей агайларда көнүлкоштук байкалды Шыгаева Р, 11 сабакка катышпаптыр, эркек агайларда да ал боюнча көйгөй чон.
Кыздар совети кыздар менен темага жараша иштер болду, учур көйгөйү болгон темалар боюнча кыздарга убагында маалыматтар, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатты. « Жаз ажары» аттуу конкурс уюштурулуп жакшы денгээлде өттү , бирок «Менин сүйүктүү эжейим» аттуу окуучулар менен бирдикте өтүлүүчү конкурс өтүлгөн жок буга түздөн түз жаш эжейлер күнөлүү деп белгилейм . Өзүнүздөр билесиздер тарбиялык иштерге райондон Областтан буйруктар келет ал боюнча иштер мүмкүн болушунча өз убагында аткарылып жатты ошентип жыл аягында «Мыкты ата-эне» номинациясынын ээси болуп Дорбаева Эркингүл , Саякбаева Салима «Мыкты класс жетекчи» Сыдыкова М, Берикбаева А сыйланды

## Мукамбет Мамбетов атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата соцпедагогдун ишине анализ

Мукамбет Мамбетов атындагы орто мектептин 2021-2022-окуу жылына карата, соц педагог катары Жалилова Барчын Басызбековна иш алпарды. 2021-2022-окуу жылына карата жылдык план кабыл алынган.Андан тышкары айлык,жумалык пландар кабыл алынып иштелип турат.Кабыл алынган план боюнча мектепке келген 1-класстардын окуучуларынын социалдык паспорттору түзүлдү,андан тышкары жаңы келген жаш мугалимдер,тех кызматкерлердин арасында социалдык паспортору толукталды. Жыл башында мектеп окуучуларынын соц паспорттору жаңыланды.Жыл ичинде мектеп окуучуларыдын социалдык абалын тактоо диогностикасы жүргүзүлүп, класс жетекчилер менен бирге жарым-жартылай жетим ,мигрант ата-энелердин жана окуучулардын,андан тышкары ажырашкан, ошондой эле чыр-чатак чыгарган көп ичкен үй-бүлөлөрдүн тизмелери такталды.
**Жалпы мектептеги балдардын саны 434 окуучу түздү. Даярдоо классын кошкондо.**

| № | Окуучулардын жалпы саны | 434 |
|---|---|---|
| 1 | Толук жетимдер | 1 |
| 2 | Жарым жетимдер | 22/9 |
| 3 | Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар | 4/0<br>Камчыбек у М,<br>Көбөгөнов Н,<br>Жанарбеков Н<br>Сапарбеков Б |
| 4 | Ата-энеси майыптар | - |
| 5 | Аз камсыз үй -бүлөлөр | 7 |
| 6 | Көп балалуу | 17 |
| 7 | Толук эмес үй -бүлөлөр ( кооптуу, ажырашкан үй-бүлөлөр) | 29 |

| | | |
|---|---|---|
| 8 | Малчылардын балдары | 20 |
| 9 | Тышкы мигранттар | 15/9 |
| 10 | Ички мигранттар | 14/5 |
| 11 | Жалпы мигрант | 29/14 |

Жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүнүн кызматкерлери мектеп окуучуларынын кылмыштуулукту, укук бузууну алдын- алуу боюнча түшүндүрүү иштери, турмуш-шарты оор балдардын, миграцияда ата-энелердин балдарынын үйүнө айыл аймактык социалдык коргоочу менен айыл ичин кыдырып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Ошондой эле кооптуу үй-бүлөдөгү окуучулар менен иштеп, мектептин ички көзөмөлүнө окуучуларды педсоветтин чечими менен киргизилди. 8-9-10-класстарга “Рекетчиликтин себептери ” деген темада ангемелешүү жүргүзүлүп, ага ИДН кызматкерлери соц.пед. катышты. Кылымыштуулуктун алдын-алуу боюнча ИДН кызматкерлери менен биргеликте күндүзгү жана түнкү рейддер жүргүзүлүп турду. “Зордук-зомбулуксуз жашоо”- деген темада 9-10-класстарга лекция окулду.
Сабакка тартылбаган, сабактан себепсиз калган окуучулар менен сүйлөшүп, окуучулар арасында анкеталар жүргүзүлдү. Проблемасы бар үй-бүлөлөргө барып кабар алынып турду. Жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун негизги көйгөйү, сабактан тышкаркы мезгилде, тактап айтканда, укук бузуулардын саны кечинде, каникул убагында жана дем алыш күндөргө туура келет ж.б. Андай учурларда балдар үчүн мыйзамдуу өкүлдөр келишип, ата-энелерди чакыртып түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. 13-апрелде 9-класстын окуучулары Медетбек уулу Байэл, Акылбеков Байэл, Чыңгызов Бекназар, Жээнбеков Бексултан болуп Татаров Байэлдин атасынын машинасын айдап чыгышып тоого барышкан. Бул окуучуларды тоодон малчылар көрүп милиция кызматкерлерине кайрылышкан. Ошонун негизинде жогорудагы окуучулар кармалып ИДН кызматкерлеринин негизинде Акт түзүлдү.Андан тышкары Окуучулардын ата-энелери мектепке келип сабактарына катышып көзөмөлгө алып мындан ары балдарынын мындай жолго бардырбоого аракеттенишүүдө.Май айында дагы мугалимдер ар бир күнгө кезек менен кезекчиликке туруп, ар кандай кылмыштуулуктун алдын-алуу максатында мектептин аймагын жана көл, тоо тараптарына көзөмөл кылып турушту. Май айындагы майрамдар жана бүтүрүү кечелерин болтурбоо максатында ИДН нускоочусу менен биргеликте күндүзгү жана түнкү рейддер убагы менен жүргүзүлүп жатты. Рейдде көлдө жана тоодо, ошондой эле кафе, эс алуу жайларында окуучулар катталган жок. Райондук соц.педагогдор үчүн уюштурулган семинарларга үзгүтүксүз катышуулар болду.

### 4.3. Окуучулардын ден соолугунун абалы

| К№ | Оорулардын аталышы | Класстар | | | | | | | | | | | Оорулуу балдар % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | |
| 1 | ЖДА | 1 | | | | 1 | | | | 1 | | | 0,9% |
| 2 | Хр. танзилит | | | | 1 | | 1 | 1 | | | | | 0,9% |
| 3 | Хр.гастрит | | | | | | | 1 | | | | | 0,3% |
| 4 | Кариес | | | | | | | | | | | | |
| 5 | Ослабленное зрение | | 1 | | | | 1 | | | | 1 | | 0,9% |
| 6 | Хр.отит | | 1 | | | 1 | | 1 | | | | | 0,9% |
| 7 | Заболевание сердца | | | | | | | | | | | 1 | 0,3% |
| 8 | Хр.коньюнктивит | | | | | | | | | | | | |
| 9 | Хрон. синусит | | | | | 1 | | | | | | | 0,3% |
| 10 | ЗПР | | | | | | | | | | | | |
| 11 | Сколиоз | | | | | | | | | 1 | | | 0,3% |
| 12 | ИДЗ | 2 | | | | | | | | | | | 0,6% |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 13 | Весен катаракта | | | | 1 | | | | | | | 1 | 0,6% |
| 14 | Экзема | | | | | | | | | | | | |
| 15 | ЧМТ | 1 | | | 1 | | | | | | | | 0,6% |
| 16 | Гайморит | | | | | | | | | | 1 | | 0,3% |
| 17 | ВСД | | | | | 1 | | 1 | | | 1 | | 0,9% |
| 18 | Синдром рейна | | | | | | | 1 | | | | | 0,3% |
| 19 | ДЖП | | 1 | | 1 | 1 | | | | | | | 0,9% |
| 20 | ИДС | 1 | 2 | 3 | 6 | 5 | 2 | 4 | 5 | 4 | 2 | | 10,5% |
| 21 | Хронич. ринит | | 1 | | | | | | | | | | 0,3% |
| 22 | Геморальный васкулит | | 1 | | | | | | | | | | 0,3% |
| 23 | Гемофилия | | | 1 | | | | | | | | | 0,3% |
| 24 | Деформация груд. клетки | | | | 1 | | | | | | | | 0,3% |
| | ***Жалпы 68 окуучу*** | | | | | | | | | | | | ***20%*** |

Окуучулардын ден соолугуна көзөмөл жүргүзүү медиктер тарабынан эмдөөлөр, түшүндүрүүлөр жүргүзүлүп жатты жана айыл ичиндеги "Ден соолук борбору" тарабынан уюшулган А.Д.К тарабынан ар бир окуучуга жеткиликтүү китепчелер көрсөтмөлөр берилип турду. Жаз айларында "Кызамык" оорусу күч алды, бирок биздин мектептен бул оору катталган жок, себеби алдан алуу чаралары көрүлүп, санитардык гигиеналык нормалар толугу менен сакталды. Атайын класстык сааттар өтүлүп, оорунун алдын алуу үчүн медициналык кызматкерлер менен жолугушууөткөрүлдү, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Май айында кызамыкка каршы окуучуларды , мугалимдерди жана техперсоналды эмдөө жүргүзүлдү. Окуучулардын ден соолугунун абалын жакшыртуу максатында "Мите курттарга" каршы, "Туберкулез" андан сактануу максатында ар бир класста тарбия сааттар өтүлдү.

## 5.1.Ресурстар

Мектеп 1966-жылы ооруканага ылайыкталып салынып, 290 окуучуга эсептелинген. Өткөн окуу жылында мектепте 390 окуучу окуду. Окуу 2 сменада окутулду. Сабактар кабинеттик системада жүргүзүлдү. 20 класс комплектиси бекиген. Окуучулардын класстар боюнча орточо саны 16-20 окуучуну түзөт. Мектепте окуу класс кабинеттери санитардык-гигиеналык талапка жооп бербейт. Кээ бир класс кабинеттеринин парталары эскирген жана мугалимге таандык шкафтардын көпчүлүгү талапка жооп бербейт. Окуучулардын өз алдынча даярдануусуна төмөндөгү параметрлер терс таасирин тийгизди десек болот.

- Окуу залынын жоктугу;
- Окуу мастерскоюндагы инвентарлардын пайдаланууга жараксыздыгы;
- Китепканада адабий китептердин жетишсиздиги;
- Окуучулардын кошумча адабияттар менен даярдануусуна шарттын жоктугу;
- Спорт инвентарларынын жетишсиздиги;
- Спорт залдын жоктугу;
- Актовый залдын жоктугу;
- Интернет тармагынын жетишсиздиги (бир эле корпуста);
- Окутуучу компьютерлердин жетишсиздиги.
- Мугалимдердин эс алуу бөлмөсүнүн жоктугу.

Мектептин ашканасында мебелдердин жетишсиздиги, физика жана химия кабинеттеринде лабораториялык материалдардын эскириши жана жараксыздыгы, гуманитардык багыттагы предметтерден дидактикалык материалдардын жетишсиздиги толук кандуу сабактын өтүлүшүнө жана окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө терс таасирин тийгизүүдө.

### 5.2 Окуучулардын окуу китеби менен камсыз болушу

| Класстар | Окуучулардын саны | Китеп менен камсыз болуусу % менен | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1-а класс | 19 | 98% | |
| 1-б класс | 20 | 100 % | |
| 2-а класс | 19 | 88% | |
| 2-б класс | 20 | 96 % | |
| 3-а класс | 19 | 92% | |
| 3-б класс | 21 | 93 % | |
| 4-а класс | 17 | 100% | |
| 4-б класс | 19 | 100% | |
| 5-а класс | 19 | 99% | |
| 5-б класс | 19 | 99% | |
| 6-а класс | 20 | 100% | |
| 6-б класс | 19 | 100% | |
| 7-а класс | 22 | 93% | |
| 7-б класс | 18 | 93% | |
| 8-а класс | 20 | 92% | |
| 8-б класс | 18 | 93 % | |
| 9-а класс | 18 | 94% | |
| 9-б класс | 17 | 88% | |
| 10- класс | 28 | 93 % | |
| 11-класс | 15 | 100% | |
| Жалпы | 20 класс | 95% | |

Мектеп жалпы 95% китеп менен камсыз болду,предметтик окуу китептери боюнча кыргыз тил , адабияты, физика, 3-класстын китептери жетишпейт.

### 5.3 Мектептин фандрайзингдик иш-аракеттери

2006-2007-окуу жылында “Айылдык билим берүү” долбоорунан дидактикалык көрсөтмө куралдар, тех каражаттар, инвентарлар мектепке берилип, азыркы учурда колдонулууда. Ушул эле окуу жылында “Айылдык билим берүү” долбооруна проект жазуу менен 149 миң сом жанан 19 миң сом өз салымыбыздын негизинде мектепте “Ресурстук борбор” ачылып, учурда мектепке кызмат кылууда.

2007-2008-окуу жылында мектептин чатырлары эскиргендиктен АРИС долбооруна проект жазуу менен №1 корпустун чатыры 320 миң сомго алмаштырылды.

2009-2010-окуу жылдары АРИС программасы боюнча мектептин 3-корпусунуну чатыры жабылды: Субгрант-412 миң сом, өздүк салым (ата-энелерден)- 109 миң сом.

Мектептин жылуулук системасын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн Миграция министрлигинен 117 миң сом, акимчиликтен 96 миң сом бөлүнүп берилип жылуулук системасы оң жолго коюлган.

2011-2012-окуу жылында “МегаБилим” долбооруна жазылган проектинин негизинде Мегаком компаниясы тарабынан мектептин информатика кабинети 264 612, 58 сом өлчөмүндөгү 7 заманбап компьютер (столу менен) жабдылды. Бул компьютерлердин ар бирине стабилизатор алууга ата-энелер 15 400 сом спонсорлук кылышты.

2016/2017-окуу жылында мамлекет тарабынан ремонт иши үчүн 29400 сом бөлүндү. Бул каражатка мектепти толук кандуу ремонттон өткөзүүгө мүмкүн болбогондуктан, мектептин өздүк чарбасынан акча каражат сарпталды. Мектептин өздүк чарбасынан түшкөн каражаттын эсебинен мектепке түстүү принтер жана ламинаттоочу станок алынды.

2014-жылы “ Ысык–Көл өнүктүрүү фонду” тарабынан 370 миң сом бөлүнүп №1 жана №3 корпустарынын терезелери алмаштырылды.

2014-жылы Мега Билим долбоору аркылуу мектепке заманбап 7 компьютер берилип, азыркы учурда бардык жумушчу абалда турат.




2016/2017-окуу жылында мектептин 50 жылдыгына карата демөөрчүлөрдөн 232 миң сом акча каражаты үшүп, анын 210 миң сомуна 2 интерактивдүү доска, 2 проектор, 1 портативдүү сканер, 1 видеокамера алынып келинди. Мунун негизинде окуу жылы ичинде 2 кабинет уюштурулуп, анда мультимедиа каражаттарын колдонуу менен заманбап сабактар өтүлүп келатат. Мындан тышкары мектептин текущий ремонтуна 29400, тендердик баасы 27400 акча бөлүндү. “Улахол” айыл өкмөтү тарабынан 160 миң сом, тендердик баасы 143 миң сом өлчөмүндө акча каражаты бөлүндү. Аталган акча каражатына мектепке керектүү инвентарлар алынды жана китепкананы 2-корпустан кабинет жасап, көчүрүүгө жумшалды. Ошондой эле айылдагы Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго коюлган эстелик реконструкцияланып, андагы эски тосмолор мектепке алынып келинип, мектептин тегереги курчалды. Айылдын клубу толук ремонттон өткөндүгүнө байланыштуу музыкалык аппаратура (синтезатор, колонкалар) мектепке кириштелип колдонулууда. 2018/2019-окуу жылында мектеп “Ысык Көл облусунда билим берүүнү жакшыртуу” долбоору менен иштеп, бүтүрүүчүлөрдү ЖРТга даярдоо боюнча 1-орунду алып, интерактивүү доска жана мультимедиалык проектор менен сыйланган. Бул техникалык каражаттар атайын кабинетке коюлуп, сабактар өтүлүп жатат. Андан тышкары ушул эле долбоор боюнча дагы бир проектор экраны менен математика кабинетине орнотулду. 2022-2023-окуу жылында жаны мектеп ишке берилүү алдында турат. Бул мектептин имараты Сауд Аравия фонду тарабына бөлүнгөн 1 млн 107мин сомго курулууда. Мектептин 14 окуу кабинети ардагер мугалимдер тарабынан заманбап форекс материалынан жасалган стенддер менен жасалгаланып, коридор мектептин бүтүрүүчүлөрү тарабынан 530 мин сомго жасалгаланды. Айыл өкмөт тарабынан тендер жарыяланып 140 мин сомго 42 терезеге ролл шторы алынып келинди.

## ОТЖПны

## ишке ашыруу жана башкаруу.

Өткөн 2021/2022-окуу жылында мектепти башкаруу системасында реформалар жүргүзүлдү. Окуу жылынын башында мектеп командасы (МК) түзүлдү. Ал 7 кишиден турду.

2021-жылдын август айында педагогикалык кеңешмеде ОТЖПнын максаттары менен милдеттери бекитилди. План боюнча мектеп командасы жыл аягына чейин алдыга коюлган максат, милдеттердин аткарылышын көзөмөлдөп жана мониторинг жүргүзүп турду. Тилекке каршы, мектеп командасы өз ишин толук аткара алган жок,анткени мектеп

командасынын кээ бир мүчөлөрү өз ишине жоопкерчилик менен мамиле кылган жок. Кээ бир милдеттер боюнча мониторингдер өз деңгээлинде жүргүзүлгөн жок, жалпысынан алганда мониторинг жана иш чаралардын аткарылышы көзөмөлдөнүп турду.

Негизги окуу формалары: ОШ-1, РИК, жетишүү матрицасы, мектептин отчёттук картасы талданып, кээ бир окуучулар, ата-энелер, мугалимдер менен маектешүү жүргүзүлдү.Жыйынтыгында мектептин ишмердүүлүгүндөгү күчтүү жана алсыз жактары, көйгөйлөрү аныкталды, аларды чечүү боюнча ата-энелердин , мугалимдердин, окуучулардын пикирлери угулду.

**2021/2022-окуу жылына карата анализдин матрицасы**

| Күчтүү жактары | Алсыз жактары |
|---|---|
| Мектептин интернет байланышына туташылышы менен сабакта заманбап технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгүнүн пайда болушу.<br>Билим берүүгө керектүү алдыңкы техникалык каражаттардын жетиштүүлүгү:<br>1. “Мега Билим” долбоорунун жаңы типтеги компьютерлери жана “Ысык Көл облусунда билим берүүнү жакшыртуу” долбоору менен интерактивдүү доска жана 2 проектор, экран менен камсыз болушу.<br>2. Мектептин 2 интерактивдүү доска, портативдүү сканер, видеокамера менен мектептин камсыз болушу. | Откон окуу жылына салыштырмалуу билим сапаттын 1%га төмөндөп кетиши. “Алтын тамгага” көрсөтүлгөн окуучулардын сынактан өтө албай жатышы. |
| ЖРТга даярдоо боюнча “Ысык Көл облусунду билим берүүнү жакшыртуу” долбооруна катышкан 14 мектептин ичинен 1-орунду алышы. Мектептин ЖОЖ го өтүү боюнча жакшы натыйжалары, предметтик мугалимдердин негизинен жетиштүү болушу.<br>Мугалимдердин 100% ы жогорку билимдүү жана 73 % мугалимдердин 5 жылдан -25 жылга чейинки стажысы бар. | Мектепте көп учурларда салтка айланган баалоо системасы колдонулат, ал окуучуда билим алууга мотивацияны, чыныгы жетишкендиктерди жаратпайт. |
| Мектептин мугалимдери баалоонун түрлөрү жана интерактивдүү окутуу ыкмалары менен сабак өтүүгө мүмкүнчүлүгү бар.<br>Башталгыч класстардын мугалимдеринин жана 5-6-класстын предметтик мугалимдеринин жана негизги предметтердин мугалимдеринин “Билим берүү стандарттары” боюнча курстан өтүүсү. | Бир канча предметтер боюнча окуу китептеринин мазмунунун талапка жооп бербегендиги;<br>Мугалимдердин окуу методикасы жана пособиелер менен жетиштүү камсыз болбогондугу, мультимедиалык каражаттардын жетиштүү деңгээлде колдонуу мүмкүнчүлүгүнүн аздыгы. |
| Олимпиада боюнча райондо 3 байгелүү орунга ээ болушу. 2 окуучунун областтык олимпиадага катышып, 1 окуучу грамота менен сыйланышы. | Ата-энелер коомчулугунун мектеп менен болгон байланышынын өз деңгээлинде эместиги, ата-энелердин активдүүлүгүнүн төмөндүгү. Мектептин Камкорчулар Кеңешинин иштебеши. |
| Математика сабагы боюнча айрым окуучулардын сырттан өтүүчү олимпиадаларда ийгиликтерге жетишиши ( | Так илимдер боюнча көпчүлүк окуучулардын билимдеринин төмөндүгү. |

| | |
|---|---|
| Алик у. И, Рыстөрөева А.) Тарых, кыргыз тили, орус тили сабактары боюнча ЖМАда окуучулардын 50%дан жогорку билим сапатын көргөзүшү. | Математика, физика сабактары боюнча ЖМА тапшырууда эң төмөнкү пайызды көрсөтүүсү. |
| Мугалимдердин 81%ы өз учурунда квалификациясын көтөрүү боюнча курстардан өтүшү, анын ичинде 2021/2022-окуу жылында 6 мугалимдин онлайн курстан 2 мугалимдин оффлайн курстан өтүүсү | Мектеп имаратынын эскилиги, мектеп инвентарынын эскилиги, кээ бир учурларда жараксыздыгы. |
| Бүтүрүүчүлөрдү ЖРТга даярдоо боюнча 7 предметтик мугалимдин атайын курстан өтүп, 10-11-класстын окуучуларын ЖРТга даярдап келүүсү. | Мугалимдердин дээрлик 35 %нын компьютерде иштей албашы. Башталгыч класстардын айрым мугалимдеринин жаңы стандарттар боюнча календарлык жана күнүмдүк сабактын планын түзүүдө түшүнбөстүктөрдүн келип чыгуусу. |
| ОРТ боюнча окуучулардын 85%нын босоголук баллдан өтүшү. Бүтүрүүчүлөрдүн 77%нын ЖОЖдорго өтүшү, 54%нын бюджеттик бөлүмдө окушу.<br>ОРТ боюнча Асанкадыров Б 183 баллды камсыз кылышы. | Мугалимдин окуучуларды баалоосунун жыйынтыгы менен административдик тесттердин жыйынтыгынын ортосундагы айрым учурлардагы айырмачылыктар. ЖРТдан 3 окуучунун босого баллдан өтпөй калышы. |
| Көркөм окуу боюнча 11-класстын окуучусу Орозбаев Балбайдын райондо 1-орун, областта 2-орунду, республикада 3-орунду ээлеши. | Математика, физика сабактары боюнча кадрлардын жетишпестиги.<br>Окуучулардын адабий китептерди окубай, интернетке көбүрөөк кызыгуусу. |
| “Мультимедиалык каражаттарды сабакта колдонуу” деген темада райондук семинардын өтүлүшү. Педсоветтердин өтүлүшүнүн жаңы формада жүргүзүлүшү жана мугалимдердин активдүү катышышы. | Башталгыч класстардын окуучуларын ысык тамак менен камсыз кылуу үчүн керектүү шарттардын жоктугу. |

Мектептин күчтүү жана начар жактарын аныктоо үчүн ата-энелердин, окуучулардын жана мугалимдердин ойлорун угуу менен төмөндөгүдөй проблемалар келип чыкты:

- Окуу китептеринин программалар менен дал келбестиги, методикалык китептердин жетишсиздиги, эскириши;
- Окутуунун негизги жана орто билим берүү баскычтарындагы окуучулардын окууга болгон кызыгуусунун төмөндөгөндүгү;
- Мектептин билим сапаты менен тышкы баалоо системасынын ортосундагы айырмачылык;
- Мектептин материалдык-техникалык базасынын өз деңгээлинде эместиги;
- Ата-энелер жана окуучулар мектептин ишмердүүлүгүн пландаштыруу процессине абдан аз деңгээлде тартылышы.
- Ата-энелердин басымдуу бөлүгүнүн балдарынын билим алуусуна кайдыгерлиги.
- Мугалимдердин 30%нын компьютерде иштөө ыкмаларын өздөштүрбөгөндүгү.
- Айрым мугалимдердин билим берүү стандарттарына ылайык сабактарды уюштура албастыгы

***3-бөлүм***

**Мукамбет Мамбетов атындагы орто мектебинин 2020-2023-жылга карата узак мөөнөттүү максаты**

***Инсанга багытталган окутуу-тарбиялоо процессин ишке ашыруу, мугалимдердин кесиптик деңгээлдерин жогорулатуу, мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, билим берүүнүн милдеттерин ишке ашыруу, окуу-тарбия процессине ата-энелерди жана коомчулукту тартуу менен окуучулардын билим сапатын 0,5%га жогорулатуу.***

**2022/2023-окуу жылына карата милдеттер**

| Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|
| 1. Инсанга багыттталган окуу-тарбия процессинде интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу менен билим берүү стандартына ылайык окуучулардын билим сапатын 0,5%га көтөрүү. | 1. Сабактарда интерактивдүү ыкмалар кеңири колдонулат.<br>2. Окуучулар көндүмдөргө ээ болушат, логикалык ойлооосуна мүмкүнчүлүк түзүлөт<br>3. Портфолио менен иштөө улантылат.<br>4. Окуучулардын билим сапаты 30%дан 30,5%га көтөрүлөт. |
| 2. Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу, мугалимдердин жана окуучулардын жоопкерчилигин жогорулатуу. | 1. Мугалимдер окутуунун жаңы технологияларын колдонууну улантышат.<br>2. Жаңы окуу жылына карата окуу пландары бекитилет.<br>3. Математика, физика, информатика, химия, биология, кыргыз тили, орус тили мугалимдери сабакты интерактивдүү доска менен өтүү улантылат.<br>4. Окуучулардын окууга болгон кызыгуусу жогорулайт.<br>5. Шаршембиева, Шыгаева, Сатыбалдиева, Атантаев, Акматов, Берикбаева, Дорбаева, Омурзаков Кубаныч кесипчилигин жогорулатуу курстарынан өтүшөт. |
| 3. 3. Мектепте билим беруу стандарттарынын негизинде календарлык жана күндөлүк сабактын пландарын түзүп чыгуу жана күнүмдүк сабактарда колдонуу | 1. Башталгыч класстардын жана 5-6-класстардын предметтик мугалимдер Билим берүүнүн стандарттары боюнча курстардан өтүшөт.<br>2. Предметтик мугалимдер календарлык жана сабактын күнүмдүк планын компетенттүүлүктөрдү киргизүү менен жаңыча түзүп чыгышат.<br>4. 40 бала 480 сааттык даярдоо программасынан өтүшөт. (Джунушова Д, Сыдыкова М.) |
| 4. “Окуучуларды ЖРТга даярдоо” долбоорунун алкагында иш жүргүзүү | 1. Тиешелүү мугалимдер семинар-тренингдерге катышышат.<br>2. Кесипке багыт берүү боюнча ата-энелер жана окуучулар менен бирдикте иш жүргүзүлөт. |

| | |
|---|---|
| | 3. Окуучулар математика, кыргыз тили, англис тили, тарых, химия, биология, физика предметтеринен алгачкы тесттер алынат.<br>4. Окуучулардын динамикалык өсүшү аныкталат.<br>5. ЖРТга даярдоо ар бир предмет боюнча жумасына атайын түзүлгөн календарлык план жана күндөлүк пландар менен 2 сааттан өтүлөт, каржылоо ата-энелер тарабынан жүргүзүлөт.<br>6. Окуучулар ЖРТдан алган упайлары босого упайынан жогору болот.<br>7. Жакшы окуган окуучулардын мүмкүнчүлүктөрү жогорулайт.<br>8. Онлайн тесттер жүргүзүлөт.<br>9. Окуучулар алган билимдерин турмушта пайдаланууга үйрөнүшөт.<br>10. Предметтик мугалимдер календарлык пландарды түзүшөт. |
| 5. Тарбиялык жана класстан тышкаркы иштерди ар тараптан өнүктүрүү. | 1. Кам көрүү кеңеши түзүлөт. Ата-энелердин жоопкерчилиги күчөтүлөт.<br>2. КРнын 2020-жылгы чейин мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоонун концепциясы ишке ашырылат.<br>3. Даталуу күндөр убагында жана жогорку денгээлде өткөрүлүп турулат.<br>4. Класстан тышкаркы кружоктор жана спорттук ийримдердин иши талапка ылайык жүргүзүлөт.<br>5. Мугалимдер жана окуучулар машыктыруучу инвентарларды пайдаланышат, сергек жашап, ден соолуктары чыңдалат. |
| | 1. Мугалимдер эл аралык программаларды окуу-тарбия процессинде кеңири пайдалануу үчүн курстарга, тренингдерге жана семинарларга жиберилет.<br>2. |
| 6. “Энелер мектебин” уюштуруу менен ата энелердин мектеп менен байланышын бекемдөө жана энелерди окутуу менен окуучулардын билим сапатын көтөрүүгө жетишүү. | 1. Мектеп боюнча жалпы ата-энелер чогулушу 2 жолу уюштурулат.<br>2. Класстык чогулуштар 4 жолу өткөрүлөт.<br>3. Класс жетекчилер чогулуштун формасын талапка ылайык өзгөртүшөт.<br>4. Класс жетекчилер жана предмет мугалимдери ата-энелерди сабакка катыштыруунун жаңы формаларын түзүшөт. (тегерек стол, интерактивдүү сабактарды, кечелерди, КВНдерди ж.б. уюштурат ) |

| | |
|---|---|
| 7. Мектепте “Алдыңкы тажрыйба мектебинин” алкагында методикалык жардамдарды уюштуруу. | 1. Усулдук бирикмелердин декадаларында жогорку деңгээлде өтүлгөн ачык сабактар мектеп ичинде өткөрүлөт, алдыңкы мугалимдердин иш тажрыйбасы мектеп ичинде жайылтылат.<br>2. Жаш мугалимдерге атайын насаатчылар бекитилет жана аларга тынымсыз методикалык жардамдар берилип турат.<br>3. Мугалимдердин алдыңкы тажрыйбасы район арасында жайылтылат.<br>Областтык масштабда 2023-жылдын октябрь айында семинар өткөрүлөт.<br>3. Алдыңкы тажрыйба мектебинин алкагында зоналык семинар өткөрүлөт.<br>3. Окуу жылынын аягында алдыңкы мугалимдер жана класс жетекчилер сыйлыкка көрсөтүлөт. |

***2022/2023-окуу жылына миллдеттердин матрицасы***

| К№ | Иш чаралар | Мөөнөтү | Жооптуулар | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжалар | Кайда каралат | Көрсөткүчтөр жана жетишкендиктер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ***1-милдет.* Инсанга багытталган окуу тарбия процессинде интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу менен билим берүүнүн стандарттарына ылайык окуучулардын билим сапатын 0,5%га көтөрүү** | | | | | | | |
| 1 | 2022/2023-окуу жылына милдеттерди жана окуу тарбия иштери боюнча мектептин иш планын бекитүү | Август | Директор Окуу завучу | ОТЖП Тиркеме 1 | Педкеңеште чечим кабыл алынат | Пед кеңеште | Пед коллектив тарабынан колдоого алынса |
| 2 | 2022/2023-окуу жылына карата усулдук бирикмелердин пландарын бекитүү. | Сентябрь | УБЖ | УБЖ Мугалимдер | Усулдук бирикменин пландары бекитилет портфолио менен иштөө улантылат | УБнын кенешинде | Администрация тарабынан жактырылса |
| 3 | Усулдук бирикмеде окутуунун интерактивдүү ыкмаларын ишке ашыруу | Жыл ичинде | администрация УБЖ | Мугалимдер окуучулар | Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу артат | Директор алдындагы кеңешмеде | Мугалимдер интерактивдүү окутуунун түрлөрүн билишсе |
| 4 | Окуучулардын билим сапатын көзөмөлдөө | Чейрек сайын | Завуч, директор Метод бирикме жетекчиси | Тесттер, окуучулар, предметтик мугалимдер | Окуучулардын жана мугалимдердин жоопкерчилиги күчөйт. | Директор алдындагы кеңешмеде | Чейрек сайын негизги предметтер боюнча адм-к тест алынып турса |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | “Бирге окуйбуз”долбоорунун алкагында башт.класстар УБнын иш аракеттери улантылат | Жыл ичинде | Башт.класстын бирикме мүчөлөрү | Окуучулар ата-энелер | Окуучу ата-эне мугалим байланышы чыңалат | УБнын кеңешинде | Бирикме мүчөлөрүсеминар тренингдерди убагында сапаттуу өткөрүшсө |
| 6 | “Илим жана техника “жумалыгын өткөрүү | Жыл ичинде | Организатор так илимдер бирикмеси | Предметтик мугалимдер окуучулар | Окуучулардын “Илим жана техникага” болгон кызыгуусу артат | УБ кеңешинде | Окуучулардын жөндөм шыгына талантына жараша тапшырмалар берилсе |
| 7 | Окуучуларды олимпиадага даярдоо жүргүзүлөт | Жыл ичинде | Предмет мугалимдери | Окуучулар тесттер жыйынтыгы Кут билим | Окуучулар райондук ,областтык республикалык олимпиадага катышат | Педкеңешмеде | Предмет боюнча шыктуу жөндөмдүүокуучуларды таап, алар менен үзгүлтүксүз иш жүргүзүлсө |
| 8 | Китепкана менен окуучулардын байланышын чыңдоо | Жыл ичинде | Китепканачы к.адабият о.адабият мугалимдери | Китептер окуучулар | .Окуучулардын сөз байлыгы сөз байлыгы өсөт | Диретор алдындагы кеңешмеде | Китепканачы окуучулар менен тыгыз байланышта болсо ,китепканада окуу жана адабий китептер жетиштүү болсо. |
| 10 | Окуучуларды ЖРТга даярдоо | Жыл ичинде | Предметтик мугалимдери | Окуу материалдары компьютер тесттик материалдар | ЖРТнын жыйынтыгы канааттандырарлык болот | УБнын кеңешинде | Предмет мугалимдери окуучуларды кошумча көбүрөөк даярдаганда |
| | | | | | | | |

| | *2-милдет:* **Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу, мугалимдердин жана окуучулардын жоопкерчилигин жогорулатуу** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| К № | **Иш чаралар** | **Мөөнөтү** | **Жооптуулар** | **Ресурстар** | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Кайда каралат** | **Көрсөткүчтөр жана жетишкендиктер** |
| 1 | Мугалимдердин календардык ,тарбиялык пландарын бекитүү. | Сентябрь | Завуч, директор Мугалимдер жамааты | Календардык пландар тарбиялык пландар | Мугалимдин жоопкерчилиги артат | Педкеңешмеде | Мугалимдер календардык жана тарбиялык журналдарын өз убагында бекитиришсе |
| 2 | Усулдук бирикменин жылдык иш пландарын түзүү жана бекитүү | Сентябрь | Окуу бөлүм башчысы УБЖ | УБ нын жылдык иш пландары | План өз деңгээлинде түзүлсө | Директор алдындагы кеңешмеде | Бирикме мугалимдери бекитилген иш-планды өз убагында аткарышса |
| 3 | Мектепте жөндөмдүү таланттуу окуучуларга кружоктор уюштурулат жана иш пландары түзүлөт | Сентябрь | Директор окуу бөлүм башчысы Кружок жетекчилери | Жөндөмдүү окуучулардын тизмеси, иш планы | Жөндөмдүү окуучулар менен тынымсыз иш алып барылат | Директор алдындагы кеңешмеде | Кружокко катышкан окуучулар кароо сынактарга катышса, алдыңкы орундарды камсыз кылышса |
| 4 | “Мамлекеттик тил“күнүнө карата иш чараларды өткөрүү жана алардын аткарылышы | Октябрь | Директор мектеп жамааты | Ачык сабактардын шилтемелери,дил баян сүрөттөр, иш план | Предметтик мугалимдер чыгармачылык менен катышышат | Директор алдындагы кеңешмеде | Жалпы пед коллектив окуучулар менен бирдикте түзүлгөн пландын аткарылышына толук катыша алышса |
| 5 | Жалпы предметтер боюнча жазуу дептерлеринин уюштурулушу жана негизги предметтеринен тест алуу | Октябрь | Директор,окуу бөлүм башчысы Предметтик мугалимдер | Жазуу дептерлери адм.тесттер жыйнагы | Номерлери менен жазуу дептерлери уюштурулат, тесттер жыйнагы түзүлөт | Директор алдында кеңешме | Чейрек жыйынтыктары менен адм-к тесттин жыйынтыктары дал келсе |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
